Токтом долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы №385 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында адал-индустрияны өнүктүрүү концепциясын” ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин демилгеси боюнча иштелип чыкты.

Токтом долбоорун Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2017-жылдын 14-декабрындагы №48 буйругу менен түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топ иштеп чыкты. Жумушчу топтун курамына кызыкдар министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрү, ошондой эле: Кыргызстан Мусулмандарынын диний башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргызстандын Ислам Университетинин жана башка институттардын өкүлдөрү кирген.

Бүгүнкү күндө адал-индустрия бизнес менен инвестиция чөйрөсүнө кенири таркалып бир гана динге таандык маселе болбой калган. Эл аралык изилдөөлөргө ылайык бул мусулмандардын жашоо образы гана эмес (алардын саны 1,7 млрд. түзөт, бул жер шарынын калкынан эки эсе тез өсүүдө) мусульман эместерге да сапат кепилдиги катары глобалдык символ болуп калган.

ЭВФ инвестициялардын кыскарышына жана калктын улгайышына байланыштуу дүйнөлүк экономиканы “узак стагнацияга” кирип жатат деп мүнөздөсө, адал-индустрия 21-кылымда ийгиликтин жана глобалдык экономикалык өсүштүн айрыкча жашоого мүмкүндүк чечимин сунуштап, адал-индустрия ага карата кескин контрастта турат.

Адал-индустрия Аргентина, Канада, Индия, Жаңы Зеландия, Улуу Британия, АКШ, Тайланд, Малайзия сыяктуу мусулман эмес өлкөлөрдө

ушул марканын чоң потенциалын түшүнүшүп жана өзүнүн бизнесин адал-индустриянын тегерегинде курушкан.

Австралия жана Бразилия жыл сайын, Ислам Кызматташтыгы Уюмдарынын өлкөлөрүнө эттин экспорттоодо биринчи жана экинчи орундарды ээлейт. Дүйнө боюнча "адал" бренди койдун этинин эң ири жеткирүүчүсү Жаңы Зеландия болуп саналат.

Эгерде биздин ата-мекендик тарыхка көз жүгүртсөк, совет доорунда Кыргызстан көпчүлүк социалисттик мамлекеттерди эт менен камсыздап келген. Азыр деле өлкө экологиялык жактан таза, адал этти жана эт азыктарын экспорттоо демилгесин илгерилетүү үчүн жаратылыш ресурстарынын потенциалына ээ экендигин белгилеп кетебиз.

"TomsonReuters" жана "DinarStandarts" эл аралык уюмдардын отчётторуна ылайык дүйнөлүк адал-туризмдин көлөмү 2014-жылы - 142 млрд. АКШ долларды түзгөн. Ал эми Кыргызстандагы туризмдин көлөмү - 0,3 млрд. АКШ долларды түзгөн. Адал-туризм глобалдык индикаторунда Кыргызстан алдынкы 15-орунду ээлейт.

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги 2015-жылдан бери адал-индустрия жаатында ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу жана өркүндөтүү боюнча үзгүлтүксүз иш алып барат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында адал-индустрия жаатында төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актылар бекитилген:

1. "Кыргыз Республикасында адал-индустрияны өнүктүрүү концепциясы" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы №385 токтому менен бекитилген;

2. 2017-2020-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасында адал-индустрияны өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-июнундагы №194-б буйругу менен бекитилген;

3. Кыргыз Республикасынын аймагында продукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү "Адал" стандарттарына шайкештигине ыктыярдуу сертификациялоо, маркалоо системасын жүргүзүү жана ишке ашыруу тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 12-сентябрындагы №554 токтому менен бекитилген.

Бул концептуалдык документтер адал-индустрия жаатында мамилелерди мыйзамдуу жөнгө салуу зарылдыгы менен шартталат жана өбөлгөлөрдү түзөт. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин адал-индустрия жаатында жөнгө салуучу ченемдик документ жок.

Буга байланыштуу, Токтомдун долбоору төмөнкүлөрдү караштырат:

- адал-индустриянын катышуучуларын мамлекеттик жөнгө салуусун,

- "адал" жана "адал-индустрия" түшүнүктөрүн аныктоо, бул мындан ары аны: адал-туризм, адал-логистика, адал-фэшн, адал-медицина жана фармацевтика, адал-косметика ж.б. сыяктуу тармактарга классификациялоого мүмкүндүк берет,

- адал-индустриянын катышуучуларын жана алардын ыйгарым укуктарын аныктоо.

*Маалымат үчүн: - КРУБ ислам принциптеринин негизинде каржылоо боюнча: 2006-жылдан тартып 30 дан ашык жобону иштеп чыкты, 2009-жылдан тартып каржы кредиттик мекемелердин иши жөнүндө мыйзамдарга бир катар өзгөртүүлөрдү киргизген, 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексине өзгөртүүлөр киргизилген.*

*- КР Мамлекеттик каржылык көзөмөл кызматы ислам каржылык кызмат индустрия чөйрөсүндө: 2009-жылы ислам баалуу кагаздар (сукук) жана исламдык камсыздандыруу (сукук) жөнүндө жобону кабыл алды.*

**3. Мүмкүндү социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупциялык, экологиялык кесепеттердин мүмкүндү болжолу**

Сунушталган Токтом долбоору оң натыйжаларды гана берет жана кандайдыр бир терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупциялык, экологиялык кесепеттерге алып келбейт жана тийиштүү экспертизаларды жүргүзүүгө муктаж эмес.

**4. Коомдук талкуулоонун натыйжалары жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул Токтомунун долбоору коомдук талкуулоо жол-жобосунан өткөрүү үчүн ченем жаратуучу органдын расмий сайтына жайгаштырылат. Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымат жыйынды маалымкатка тиркелет.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Улуттук жана эл аралык мыйзамдардын колдонуудагы ченемдерине жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары боюнча белгиленгендей, сунушталган Токтомдун долбоорунун ченемдери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте ратификацияланган эл аралык мыйзамдардын ченемдерине каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Сунушталган Токтом долбоорун кабыл алуу өзү менен мамлекеттик бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган каражаттардын чегинде ишке ашырылат.

**7. Жөнгө салуучу таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы №559 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актынын

жөнгө салуучу таасирине талдоо жүргүзүү методикасына ылайык Токтом долбооруна жөнгө салуучу таасирине талдоо даярдалды, ал жыйынды маалымкатка тиркелет.

**Министр** **О. Панкратов**

(министр жок болгон учурда статс-катчы Шаршеев А.)

# Адал-индустриянын катышуучуларынын өз ара аракеттешүү схемасы



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2018-жылдын ________________
№______ токтому менен бекитилди

**Кыргыз Республикасындагы адал-индустриянын катышуучулары жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. «Кыргыз Республикасындагы адал-индустриянын катышуучулары жөнүндө» жобо (мындан ары текст боюнча – Жобо) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы №385 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында адал-индустрияны өнүктүрүү концепциясын» ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

2. Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө», «Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жөнүндө», «Атаандаштык жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизделет.

3. Жобонун максаты катышуучулардын укуктук негиздерин белгилөө жана алардын адал-индустрия жаатындагы мамилелерин жөнгө салуу болуп саналат.

4. Жобонун милдеттери:

- адал-индустриянын катышуучуларын аныктоо;
- адал-индустрия чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик экономикалык саясатты камсыз кылуу,
- адал-индустриянын жалпы түшүнүктөрүн аныктоо.

5. Ушул Жобонун аракети адал-индустриянын бардык катышуучуларына: жөнгө салуу, консультация, мамлекеттик контроль (көзөмөл), аккредитациялоо, сертификациялоо органдары жана адал-индустрия чөйрөсүндө иш жүргүзгөн компанияларга жайылтылат.

6. Ушул Жобонун аракети төмөнкү иштерге жайылтылбайт:

- өз ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүндөгү башка уюмдардын жана банктык иштин ислам принциптеринин жоболорунда караштырылган банктык иш жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жүргүзгөн банктарга, банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдарга;
- Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын көзөмөл астындагы финансылык рынок (“сукук”, “такафул”, “иджара”), бухгалтердик эсеп, финансылык отчеттуулук жана финансылык аудит жаатындагы.

7. Ушул Жобонун ченемдери менен тең юридикалык күчкө ээ болгон Кыргыз Республикасынын адал-индустрия чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларынын ортосунда коллизия болгон учурларда ушул Жобонун ченемдери иштейт.

8. Ушул Жободо төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

- **адал** – негизинен адам өмүрүндөгү ар кандай чөйрөгө тиешелүү исламда уруксат берилген аракеттер жана нерселер.

- **адал-индустрия** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында исламдын ченемдерине шайкеш келүүчү ыктыярдуу экономикалык иш жүргүзүшкөн тармактардын жыйындысы (адал-тамак-аш жана ичимдик, адал-туризм, адал-фэшн, адал-медиа, адал-медицина, адал-косметика, адал-логистика ж.б.у.с.).

- **адал-индустрияда сертификаттоо боюнча органдарды аккредитациялоо** – юридикалык жактардын ыктыярдуу адал-сертификаттоодогу конкреттүү ишин аткаруудагы компетенттүүлүгүн аккредитациялоо боюнча орган аркылуу расмий түрдө тааный турган жол-жобо.

- **адал-индустриянын стандарты (-тары)** – адал-индустрия чөйрөсүндөгү стандарттарды белгилөөчү эл аралык (улуттук) уюмдар тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген экономикалык же башка иш жүргүзүүнүн эрежелеринин жыйындысы.

- **адал-индустрия чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча орган** - сертификаттоо боюнча органдардын компетенттүүлүгүн расмий аккредитациялоо жаатында ыйгарым укук берилген юридикалык жак статусу бар орган.

- **адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актылар** – бул ыйгарым укуктардын чегинде көрсөтүлгөн мыйзам чыгаруу орган тарабынан түзүү, өзгөртүү жана укуктук ченемдерди жокко чыгаруу боюнча эрежелерди кабыл алынган, башкача айтканда, көп жолку пайдаланууга эсептелген туруктуу же убактылуу милдеттүү эрежелердин белгиленген формадагы расмий документи. Адал тамак-аш продукциясын маркалоо «Тамак-аш продукциясы аны маркалоо бөлүгүндө» (ББ ТР 022/2011) Бажы бирлигинин техникалык регламенттеринин талаптарына ылайык болушу керек.

- **адал-индустрия чөйрөсүндөгү сертификаттоо боюнча орган** – сертификаттоо боюнча иш жүргүзүүчү юридикалык жак.

- **адал-компания** – менчигинин түрүнө карабастан адал-продукция өндүргөн жана/же адал-индустрия жаатында кызмат көрсөткөн юридикалык же физикалык жак (жеке ишкер).

- **адал-продукция (кызмат көрсөтүү)** – бул адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын бардык талаптарына жооп берген продукция (кызмат көрсөтүү).

- **аралаш адал-компания** – өз ишинде адал продукциясын (кызмат көрсөтүүсүн) да жана адал эмес продукциясын (кызмат көрсөтүүсүн) да өндүрүүнү айкалыштыруучу компания.
- **аффилирленген жак** – чечимди түз же кыйыр аныктоого укугу бар же ушул жак тарабынан кабыл алынган чечимдерге, анын ичинен келишимге (оозеки келишимди кошкондо) же башка бүтүмгө таасирин тийгизген жеке же юридикалык жак, ошондой эле ушундай укукка ээ бар аффилирленген жакка карата ар кандай жеке же юридикалык жак; юридикалык жактын аффилирленген жагы катары анын аткаруучу кызматтык жактары, акционери (катышуучусу) же 10 же андан ашык (ачык акционердик коомдор үчүн – 5 жана андан ашык пайыз) добуш берүүчү акцияга (салым, пай) ээ ар кандай ишкана да таанылат.
- **жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин адал-индустрия жаатындагы мамлекеттик жөнгө салуучу органы.
- **консультациялык орган** (Адал-индустрияны өнүктүрүү боюнча эксперттердин кеңеши) – шариат жаатында атайын билимге жана тажрыйбага ээ болгон жана/же адал-индустрия, адал-индустриянын катышуучуларынын ишинин маселелери боюнча компетенттүү пикирин билдирүү максатында жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан ишке тартылган орган.
- **ыктыярдуу адал-сертификат алуу** – шайкештигин тастыктоо формасы, анын жүрүшүндө сертификаттоо боюнча орган продукцияны өндүрүү, сактоо, ташуу, сатып өткөрүү, ошондой эле пайдаланып жаткан ингредиенттер техникалык жөнгө салуу мыйзамдарынын жана адал-индустрия чөйрөсүндөгү ченемдик - укуктук актылар Кыргыз Республикасынын белгиленген талаптарына шайкеш келе тургандыгын документ түрүндө күбөлөндүрөт. Сертификаттоо ишкердин демилгеси менен ишкер жана органдын ортосундагы сертификаттоо боюнча келишимдин шарттарында жүргүзүлөт.
- **Шариат боюнча орган** – Шариат боюнча кеңеш же жооптуу жак (адал-компаниянын же аралаш-компаниянын (мындан ары адал/аралаш компания) түрү жана ишине карап) адал/аралаш-компаниянын иши жана продукциясынын адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын талаптарына шайкештик келтирүү боюнча ички контролду жүргүзүү максатында дайындалат. Шариат боюнча орган жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген квалификациялык талаптарга жооп бериши керек.

9. Адал-индустриянын негизги принциптери

- адал-индустрияда катышуунун ыктыярдуулугу. Кыргыз Республикасынын ишкерлерин ыктыярдуу адал-индустрия системасына өтүүгө мажбурлоо же милдеттендирүүгө жол берилбейт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын карама-каршылыгын жана түшүнүксүздүгүн адал/аралаш-компанияга каршы пайдаланылбайт;
- текшерүү жүргүзүүдө адал/аралаш-компаниянын ак ниеттүүлүгүнүн презумпциясы;
- аккредитациялоо, сертификаттоо чөйрөлөрүндө жана аралаш/адал-компания ишинде атаандаштыкты чектөөгө жана монополизмдин пайда болуусуна көмөктөшүүгө жол бербөөчүлүк;
- сертификаттоо максаттарды аткаруу үчүн минималдуу зарыл болгонго караганда көпчүлүгүндө ишкердик ишин жүргүзүү үчүн тоскоолдук жаратпаш керек.

## 2-глава. Адал-индустриянын катышуучулары

### §1. Адал-индустрияны жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган

10. Адал-индустрия жаатында бирдиктүү саясатты ишке ашыруу максатында жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адал-индустрияны өнүктүрүү жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана ишке ашырат;
- адал-индустрияны өнүктүрүү жаатындагы узак мөөнөттүү (стратегиялык) багытты аныктайт, иштеп чыгат жана ишке ашырат;
- адал-индустрия жаатындагы жөнгө салуу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын жана катышуучулардын ишин координациялайт;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, коммерциялык эмес уюмдары, чет элдик органдар же эл аралык уюмдар менен кызматташат, анын ичинен эл аралык келишимдерди түзүү жол-жобосуна, адал-индустрия жаатындагы эл аралык (макулдашууларды) долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашырууга катышат;
- адал-индустрия жаатындагы кесиптик ишин аткарган жактарга жана уюмдарга карата коюлуучу квалификациялык талаптарды иштеп чыгат;
- адал-индустрияда аккредитациялоо жана сертификаттоо чөйрөлөрүндө оптимизациялоо процессин координациялайт;
- адал-индустрияны жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларды колдонуу менен байланышкан маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү берет;
- адал-индустрияда аккредитациялоо жана сертификаттоо чөйрөлөрүндөгү оптималдаштыруу процессин координациялайт;
- Консультациялык органдын ишиндеги уюштуруу маселелерин чечет;
- Кыргыз Республикасындагы адал-индустрия жаатында сертификаттардын мамлекеттик реестрин жүргүзөт;

- жарандардын жана юридикалык жактардын адал-индустрия маселелери боюнча кайрылууларын, арыздарын, даттанууларын белгиленген тартипте карап чыгат;
- жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органды алып барууга тиешелүү маселелер боюнча жеке жана юридикалык жактарга маалыматтык-консультациялык көмөктөшүүнү камсыздайт;
- адал-индустрия чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуунун башка функцияларын аткарат.

11. Жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган өз ишинде катышуучулардын адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларды бузгандыгы жөнүндө мониторинг жүргүзөт жана расмий сайтында, массалык маалымат каражаттарында же болбосо атайын автоматташтырылган маалыматтар базанын системасында бул маалыматты чагылдырат.

### §2. Адал-индустрия чөйрөсүндөгү консультациялык орган

12. Консультациялык орган туруктуу иштеген, жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын алдындагы коллегиялык орган болуп саналат жана 7 мүчөдөн турат.

13. Консультациялык органдын мүчөлөрү жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен дайындалышат жана четтетилишет.

14. Консультациялык органдын мүчөлөрү ыктыярдуу негизде иштешет жана ыйгарым укуктуу органдан акчалай сыйлык (айлык маяна) алышпайт.

15. Консультациялык органдын эксперттери өз ишинде калган адал-индустрия чөйрөсүндөгү катышуучулардан көз карандысыз болуулары керек (анын ичинде адал-индустрияны жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органдан да).

16. Консультациялык органдын чечимдери жыйындардын протоколдору менен тариздэлет жана сунуштоочу мүнөздү алып жүрөт.

17. Консультациялык органдын милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- адал-индустрия чөйрөсүндөгү катышуучуларга консультация берүү;
- адал-индустрия жаатында кабыл алынган ченемдик - укуктук актыларынын мониторингин жүргүзүү;
- консультациялык орган жөнүндө жободо белгиленген милдеттер.

18. Консультациялык орган өз милдеттерин аткаруу максаттарында жумушчу топторду түзүүгө укугу бар.

### §3. Адал-индустрия чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча орган

19. Адал-индустрия чөйрөсүндөгү аккредитациялоо (мындан ары - аккредитациялоо) эл аралык ченемдерге, эрежелерге негизделет жана адал-

индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларында белгиленген талаптарга ылайык ишке ашырылат.

20. Аккредитациялоо сертификаттоо боюнча орган менен аккредитациялоо боюнча органдын ортосундагы келишимдин шарттарында сертификаттоо боюнча органдын демилгеси менен (ыктыярдуу түрдө) жүзөгө ашырылат.

21. Сертификаттоо боюнча органдар төмөнкү максаттарда аккредитацияланат:

- алардын компетенттүүлүгүн тастыктоо;
- аларга болгон ишенимди камсыз кылуу;
- алардын ишинин жыйынтыктарын таануу үчүн шарт түзүү.

22. Аккредитациялоо боюнча органдарга төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- кайсы бир сертификаттоо боюнча органга (анын ичинен мамлекеттик) артыкчылыктуу укук берүүгө;
- адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларда каралбаган кошумча талаптарды же шарттарды өз алдынча белгилөөгө.

## §4. Адал-индустрия чөйрөсүндөгү сертификаттоо боюнча орган

23. Сертификаттоо боюнча орган ушул Жобонун талаптарына, адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларына ылайык адал-сертификат берет.

24. Сертификациялоо боюнча орган өз ишин ишке ашырууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн расмий сайтында алар тарабынан берилген сертификат жана адал/аралаш-компания жөнүндө маалыматты жайгаштырат;
- эгерде сыноо сертификаттын тиешелүү схемасында караштырылган болсо, сертификатталуучу продукцияны сыноону аккредиттелген лабораторияларда жүргүзөт;
- адал/аралаш-компанияларга аракет кылган талапкерлерди сертификациялоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө маалымдоону камсыз кылууга;
- керектөөчүлөргө (өзүнүн расмий сайты аркылуу) адал/аралаш-компанияны текшерүү боюнча жыйынтыктары жөнүндө маалымат жеткирүүгө.
- анын ишин жүзөгө ашыруу үчүн адал-индустрия чөйрөсүндөгү ички ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бекитүү.

25. Сертификаттоо боюнча орган өз ишинде төмөнкүлөргө укуктуу:

- аккредитациялоо боюнча органдан адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларына ылайык адал-сертификациялоону жүргүзүү боюнча аккредитациялоодон өтүүгө;
- адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын талаптарына жооп берген өзү тандаган

аккредитациялоо боюнча органга анын компетенттүүлүгүнө тастыктоо жүргүзүү үчүн кайрылууга;
- жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органга аккредитациялоо боюнча органдын укук-ченемсиз иш-аракетине даттануулар менен кайрылууга;
- эгерде сертификаттоонун тиешелүү схемасында каралган болсо, сертификатталган продукцияны сыноодон өткөзүү максатында тандап алууга;
- эгерде сертификаттоонун тиешелүү схемасында каралган болсо, сертификаттоо объекттерине контроль (текшерүү) жүргүзүү;
- зарыл болгон учурда, талапкер тарабынан берилген адал/аралаш-компаниянын маалыматтарынын жана документтеринин ырастыгын текшерүүгө;
- берилген сертификаттын күчүн токтотуп турууга жана артка кайтарып алууга;

26. Сертификаттоо органдарына төмөнкүлөргө тыюу салынат:
- алар ыктыярдуу сертификат берип жаткан иштин түрү менен катарлаш алектенгенге;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык (продукция өндүрүшү, кызмат көрсөтүү) монополияга таандык иштин түрлөрүнөн башка кайсы бир адал/аралаш-компанияга артыкчылыктуу укук берүүгө (анын ичинде мамлекеттик уюмдарга да);
- сертификаттарды берүүдө адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларында каралбаган кошумча талаптарды же шарттарды өз алдынча белгилөөгө.

27. Сертификаттоо боюнча органдардын аффирленген жактарына, сертификаттоо боюнча орган ыктыярдуу сертификат берип жаткан иштин түрү менен катарлаш алектенгенге тыюу салынат.

## §5. Адал/аралаш-компания.

28. Адал/аралаш-компанияда иш жүргүзүү ыктыярдуу сертификат алган убактан башталат жана сертификатта көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин жарактуу.

29. «Адал», «ислам», «мусулман», «шариат», «халал» же алардан келип чыккан ар кандай формада жана ар башка тилдерде жазылган сөздөр менен маркаланган, ташып киргизилген же Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн продукция, ошондой эле ушундай эле аныктама менен көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишин алып барган сертификаттоо боюнча органдарда ыктыярдуу сертификаттоо жол-жобосунан өтүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын адал-индустрия жаатындагы тиешелүү ченемдик - укуктук актыларына ылайык келген, мыйзамда белгиленген тартип менен күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимге ылайык ташып киргизилген продукциядан тышкары.

30. Адал/аралаш-компаниялар өз ишин ушул Жобонун талаптарына жана адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларына ылайык келген шартта жүргүзүшөт.

31. Эгерде адал/аралаш-компаниялар ушул Жобонун 28, 29 жана 30-пункттарынын талаптарына ылайык эмес товарды сатып өткөргөндүгү же иш аткарышкандыгы аныкталса, анда:

а) адал/аралаш-компаниялардын ушул иш-аракеттери керектөөчүлөргө таңгакта (маалыматтык материалдарда жана жарнамалуу продукцияда) керектөө курамы жана товарлардын сапаты жөнүндө көрсөтүү менен адаштырууга алып келип керектөөчүлөрдү алдоо катары каралат, бул үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартылат;

б) сертификаттоо боюнча орган тарабынан ушул адал/аралаш-компанияга берилген сертификаттын күчү убактылуу токтотулуп турат же артка кайтарылат, ошондой эле ушул маалымат сертификаттоо боюнча органдын расмий сайтында белгиленген сертификаттоо системасынын тартибинде жайгаштырылышы керек;

в) бул тартип бузуу жөнүндө жана ушул адал/аралаш-компаниянын Шариат боюнча органынын кетирген тартип бузуусу тууралуу маалыматы, квалификацияны жогорулатуу жөнүндө документти берген органга жөнөтүлөт;

г) адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын талаптарына ылайык белгиленген башка иш-аракеттер.

32. Адал/аралаш-компания өз ишинде төмөнкүлөргө укуктуу:

- адал/аралаш-компания сертификаттоону ниет кылган продукцияны же/жана кызмат көрсөтүү жаатында камтыган, сертификаттоо боюнча ар кандай органга өзүнүн продукциясын жана/же көрсөтүлгөн кызматтарын сертификаттоо үчүн кайрылууга;
- аккредитациялоо боюнча органга жана/же жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органга сертификаттоо боюнча органдардын жана аккредитацияланган сыноо лабораторияларынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык укук-ченемсиз иш-аракетине даттануулар менен кайрылууга;

33. Адал/аралаш-компания төмөнкүлөргө милдеттүү:

- адал/аралаш-компаниянын ишин адал-индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын талаптарына ылайык келгендигин ички контролго алуу үчүн Шариат боюнча орган түзүүгө;
- продукциянын (кызмат көрсөтүүнүн) адал-индустриянын талаптарына шайкештигин камсыз кылууга;
- алган сертификаттын мөөнөтү өткөн, же болбосо сертификаттоо боюнча орган тарабынан берилген сертификат артка кайтарылган же мөөнөтү токтотулган болсо, анда адал-продукцияны чыгарууну

(кызмат көрсөтүүнү), жеткирүүнү жана сатып өткөрүүнү токтотуп турууга тийиш;
- белгилүү товарга же кызмат көрсөтүүгө сертификатты бир гана сертификаттоо боюнча органдан алууга, бир эле продукцияга же кызмат көрсөтүүгө сертификатты Кыргыз Республикасынын аймагында сертификаттоо боюнча ар башка органдардан алууга тыюу салынат;
- керектөөчүлөргө адал-индустриясынын талаптарына негизделген өзүнүн ишинин өзгөчөлүгүн түшүндүрүп берүүгө;
- сертификаттоо боюнча органдардын текшерүүлөрү жөнүндө маалыматты (өзүнүн расмий сайты аркылуу) керектөөчүлөргө жеткирип турууга.

## §6. Адал/аралаш-компаниянын Шариат боюнча органы

34. Шариат боюнча орган адал/аралаш-компаниянын адал-индустриянын талаптарына шайкештигине жоопту болуп саналат.

35. Адал/аралаш-компаниядагы Шариат боюнча орган адал/аралаш-компаниянын аткаруучу органынан көз карандысыз болуусу керек.

36. Адал/аралаш-компаниянын Шариат боюнча органынын мүчөлөрү акционерлердин (катышуучулардын) жалпы жыйыны же адал/аралаш-компаниянын ээси тарабынан дайындалат. Мында Шариат боюнча кенештин талапкери(лери) жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылышы керек.

37. Кыргыз Республикасынын аймагында иш жүргүзгөн Шариат боюнча органдын мүчөлөрү тиешелүү документ менен ырасталган адал-индустрия жаатында билимге ээ болушу зарыл.

## §7. Мамлекеттик контроль (көзөмөл).

38. Адал-индустрия чөйрөсүндө мамлекеттик контроль (көзөмөл) керектөөчүлөрдү таңгакта көрсөтүлгөн (маалыматтык материалдарда жана жарнамалуу продукцияда) керектөө курамынын жана товарлардын сапатынын шайкештигин контролдоо жолу менен адаштырууга алып келүүнү алдын-алуу максаттарында жүргүзүлөт.

39. Мамлекеттик контроль (көзөмөл) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коомдук саламаттыкты сактоо, ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлөт.

40. Эгерде компаниялар «адал», «ислам», «мусулман», «шариат», «халал» же алардан келип чыккан ар кандай формада жана ар башка тилдерде жазылган сөздөр менен маркаланган продукцияны өндүргөн (башка мамлекеттен алып келген) же кызмат көрсөткөн болсо, ыйгарым укуктуу мамлекеттик контролдоо (көзөмөлдөө) органдары ушул компаниялардан адал-сертификаттарын сурап алууга укуктуу.

41. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик контролдоо (көзөмөлдөө) органдары адал-сертификаттардын аныктыгы жөнүндө маалыматты ушул

адал/аралаш-компанияга адал-сертификат берген сертификаттоо боюнча органдын расмий сайтынан текшерип чыгуусу керек.

42. Эгерде адал-индустрия чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик контролдоо (көзөмөлдөө) органдары тарабынан компания «адал», «ислам», «мусулман», «шариат», «халал» же алардан келип чыккан ар кандай формада жана ар башка тилдерде жазылган сөздөр менен маркаланган продукцияны өндүргөн (башка мамлекеттен алып келген) же кызмат көрсөткөн болсо жана ошол компанияда адал-сертификаттын жоктугу же адал-сертификатта көрсөтүлгөн жароо мөөнөтүнүн убактысынан өтүп кеткендиги аныкталса, анда жогоруда көрсөтүлгөн контролдоо (көзөмөл) органдары ушул Жобонун 31-пунктунда, (а) пунктчасында көрсөтүлгөн иш-чараларды көрүүгө укуктуу.

## §8. Адал-индустрия чөйрөсүндөгү бирикмелер (ассоциациялар)

43. Бирикмелер (ассоциациялар) өз кызыкчылыктарын коргоо максатында: адал/аралаш-компания; адал-индустрия чөйрөсүндөгү керектөөчү; эксперттик-илимий коом тарабынан түзүлүшү мүмкүн.

44. Бирикмелер (ассоциациялар) ата мекендик жана чет өлкөлүк уюмдардын ортосунда өз ара аракеттенет, илимий, маалыматтык жана кесиптик жетишкендиктери менен алмашат, мамлекеттик органдарга адал-индустрия маселелери боюнча сунуштамаларды бере алышат.

## 3-глава. Корутунду жоболор

45. Ушул Жобо күчүнө киргенге чейин адал-индустрия жаатында берилген ыктыярдуу сертификаттардын өзүнүн юридикалык күчү сакталат.

46. Бардык ченемдик укуктук актылар ушул Жобого ылайык келтирилгенге чейин ушул Жобого карама-каршы келбеген бөлүгүндө ушул Жобого ылайык колдонулат.

**Лист согласования**
**к проекту постановления Правительства Кыргызской Республики “Об утверждении положения об участниках халал-индустрии в Кыргызской Республике”**

Министерство экономики
Кыргызской Республики ________________________________ О. М. Панкратов
(В отсутствие министра статс-секретарь А. Шаршеев)

Министерство иностранных дел
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство внутренних дел
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство юстиции
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство финансов
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство сельского хозяйства, пищевой
промышленности и мелиорации Кыргызской Республики ________________

Министерство транспорта и дорог
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство чрезвычайных ситуаций
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство образования и науки
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство здравоохранения
Кыргызской Республики ________________________________

Министерство культуры, информации
и туризма Кыргызской Республики ________________________________

Министерство труда и социального развития
Кыргызской Республики ________________________________

Государственный комитет национальной безопасности
Кыргызской Республики ________________________________

Государственное агентство антимонопольного регулирования
при Правительстве Кыргызской Республики________________________

Государственная комиссия по делам религий
Кыргызской Республики ________________________________

Государственная инспекция по ветеринарной и фитосанитарной
безопасности при Правительстве Кыргызской Республики ________________

Государственная инспекция по экологической и технической
безопасности при Правительстве Кыргызской Республики ________________